**Кардарлар - Android смартфондорунун ээлери жана Visa Gold, Visa Infinite жана Visa Business карталарынын ээлери үчүн "500 жана Super Cool Samsung алууга жетишип кал" акциясынын эрежелери.**

1. **Глоссарий:**

1.1. **Карта - эсеп** - Банктын кардары картанын жардамы менен тескей алган Банк системасында Банк тарабынан Кардар үчүн ачылган банк эсеби. Акча каражаттары карта эсебине чегерилет, алар картаны колдонуу менен андан аркы чыгымдоо үчүн керектелет.

1.2. **Кошумча карта** - бул кардардын негизги картасына карата чыгарылат жана негизги карта менен бирдиктүү карта- эсебине ээ.

2. **Жалпы жоболор**

2.1. Учурдагы акция шыктандыруучу лотерея болуп саналбайт жана кардарлар арасында "Visa" төлөм карталарын колдонууну сүрөмөлөөгө багытталган.

2.2. Жеңүүчү ушул Эрежелерде көрсөтүлгөн шарттардын аткарылышына жараша аныкталат. Жеңүүчүнү аныктоодо "туш келип калуу" принциби болбойт (жеңүүчүнү ыктыярдуу тандоону ишке ашыруучу алгоритмди колдонуу).

2.3. Акциянын уюштуруучусу – «РСК Банк» ААК жана Visa компаниясы.

3. **Акциянын максаты:**

3.1. «РСК Банк» ААК тарабынан чыгарылган Visa төлөм карталары аркылуу нак эмес операцияларды жүргүзүүгө кардарларды тартуу жана кызыктыруу.

3.2. "Visa" төлөм карталары аркылуу нак эмес операциялардын көлөмүн көбөйтүү.

4. **Акциянын өткөрүү мезгил аралыгы**

4.1. **Акция 2022-жылдын 5-декабрынан тартып 2023-жылдын 31-майына чейин өткөрүлөт**:

4.2. Samsung Z FLIP 4 смартфондорун алуу мөөнөттөрү:

1. 05.12.2022-ж. – 15.01.2023-ж.
2. 16.01.2023-ж. - 28.02.2023-ж.
3. 03.01.2023-ж. - 15.04.2023-ж.
4. 16.04.2023-ж. - 31.05.2023-ж.

5. **Акциянын катышуучулары**

5.1. Акция өткөрүлүп жаткан мезгилде өзүнүн Visa картасын Google Pay кызматына туташтырган жана Google Pay кызматын колдонуу менен «РСК Банк» ААКнын Visa карталары менен нак эмес операцияларды жүргүзгөн 18 жаштан жогорку адамдар.

6. **Акциянын катышуу тартиби**

6.1. Акцияга катышуу үчүн Катышуучу Google Wallet тиркемесинде Visa карталарын колдонуу менен Google Pay тиркемесине туташып, «РСК Банк» ААК тарабынан чыгарылган Visa карталарын пайдалануу аркылуу сатып алууларда нак эмес төлөмдөрдү акциянын бүткүл мезгил ичинде каалаган валютада Google Pay кызматы аркылуу жүргүзүүсү керек.

6.2. Акцияга катышуу үчүн төмөнкү операциялар каралбайт:

- Карта-эсебинен акча каражаттарын алуу/карта эсебине салуу.
- кызмат көрсөтүүлөр үчүн банктын кассасында, RSK24 мобилдүү/Интернет банкингде, банкоматтарда жана Банктын кассалык аппараттарында төлөө.
- суммаларды атайылап бөлүштүрүү, мисалы: бир эле соода-тейлөө ишканасында 2 сааттын ичинде катары менен бир нече (1ден ашык) транзакциялар, бир эле соода түйүнүндө ж.б. Бөлүнгөн учурда бул транзакциялар негизги жана кошумча карталар боюнча жүргүзүлгөн төлөмдөргө карабастан 1 транзакция катары эсепке алынат.
- Бир соода-тейлөө ишканасында күнүнө 3төн ашуун жүргүзүлгөн транзакциялар.

**7. Жеңүүчүлөрдү аныктоонун шарттары:**

7.1. Жеңүүчүлөр төмөндөгүчө аныкталат:

- РСК Банктын Visa карталарын колдонуу менен Google Pay кызматын пайдалануу менен биринчи сатып алууга жетишкен РСК Банктын Visa карталарынын ээлери - биринчи 2 000 кардар Google Pay кызматы аркылуу биринчи жолу төлөгөн күндөн тартып бир аптанын ичинде өз эсебине 500 сом суммасындагы кепилденген байгени алышат, мында минималдуу сатып алуу суммасы 300 сомдон кем болбоого тийиш.

- Ар бир 1,5 ай сайын РСК Банктын Visa карталары аркылуу Google Pay кызматы боюнча максималдуу сатып алууларга ээ эң активдүү үч Катышуучу Samsung Z FLIP 4 баш байге смартфонуна ээ болушат

мында минималдуу сатып алуу суммасы 300 сомдон кем болбоого тийиш.

8. **Байгелерди тапшыруу:**

8.1. Жыйынтыктоо жана байгелерди тапшыруу этаптын же Акциянын аягында 2023-жылдын 31-июлуна чейин жүргүзүлөт.

**9. Акциянын байге фонду:**

| **Байге утуучулар** | **Байге** | **Саны** |
|---|---|---|
| Биринчи 2000 кардар | эсепке 500 сом суммасындагы байге | 2 000 |
| Баш байгелер | Смартфон Samsung Z FLIP 4 | 4 |
| Салыктар 10% | | |
| **Жыйынтыгы:** | | |

**10. Кошумча шарттар:**

10.1. Банк кызматкерлери жана алардын жакын туугандары (ата-энеси, жубайлары, балдары) Акцияга катыша албайт;

10.2. Акцияга катышуу жана анын шарттары менен макул болуу Катышуучунун Ушул Эрежелердин 4, 5, 6, 7-пункттарын аткаруусу менен ырасталат.

10.3. Бир эле ошол кардар Акциянын бардык мезгилинде бир гана жолу утуш ээси боло алат.

10.4. Эгерде транзакциялардын максималдуу саны эки кардар үчүн бирдей болсо, анда транзакциянын максималдуу көлөмүнө ээ болгон кардар жеңүүчү болот.

10.5. Байгелерди алуу менен байланышкан транспорт жана башка чыгымдарды жеңүүчүлөр өздөрү көтөрөт.

10.6. Байгелерди алууга байланыштуу салыктык чегерүүлөрдү Акциянын Уюштуруучусу көтөрөт.

10.7. Банктын мурунку Акцияларынын жеңүүчүлөрү бул Акцияга катыша алышпайт.

11. **Жеңүүчүлөрдү аныктоонун жыйынтыгы:**

11.1. Жеңүүчүлөрдү аныктоо үчүн комиссия түзүлөт, мүчөлөрдүн курамы Банк Башкармасынын токтому менен бекитилет.

11.2. Акциянын жеңүүчүлөрүнүн курамы Комиссиянын отурумунун протоколу менен жана Банк Башкармасынын токтому менен бекитилет.

11.3. Башкарма бир тараптуу тартипте төмөнкүдөй чечимдердин бирин кабыл ала алат:

• Акциянын шарттарына толуктоолорду же өзгөртүүлөрдү киргизүү

• Акцияны Банк үчүн жалпысынан кандайдыр бир жагдайлардан улам белгилүү бир мөөнөткө токтото туруу же конкреттүү материалдар боюнча токтотуу.

11.4. Акциянын башкы жана орто аралыктары жеңүүчүлөрү жөнүндө маалымат Банктын www.rsk.kg веб-сайтында жайгаштырылат.

11.5. Банк жеңүүчүлөргө Акциянын жыйынтыктары жана сыйлык тапшыруу аземинин датасы жөнүндө жеңүүчү аныкталган күндөн тартып 10 күндүн ичинде телефон аркылуу маалымдайт.

11.6. Акциянын Катышуучусу байланыш маалыматтарынын жана берилген маалыматтарынын тактыгын камсыз кылуу үчүн жооптуу.

11.7. Банк туура эмес көрсөтүлгөн реквизиттер, мобилдүү жана стационардык байланыш операторлорунун тармагындагы ар кандай бузулуулар үчүн жоопкерчилик тартпайт, мындай учурда маалымат жеңүүчүгө өз убагында жетпей калышы мүмкүн.

11.8. Эгерде Жеңүүчүнүн күнөөсү боюнча Катышуучуга Акциядагы утушу жөнүндө билдирүү мүмкүн болбосо, ошондой эле, жеңүүчү жеңүүчүгө акциянын жыйынтыктары, Акциянын жыйынтыгын Банктын сайтка жайгаштыруу, жөнүндө билдирүү жөнөтүлгөн күндөн тартып 30 календардык күндүн ичинде келбесе, Акциянын кийинки Катышуучусу бул Акцияда жеңүүчү деп таанылат.

11.9. Шарттарга өзгөртүүлөр же толуктоолор киргизилген же Акцияны токтотуу жөнүндө чечим кабыл алынган учурда, Акциянын Катышуучуларына бул тууралуу Банктын www.rsk.kg корпоративдик сайтында жарыя жайгаштыруу аркылуу билдирилет.

## 12**. Байгелерди алуу шарттары:**

12.1. Байгелер атайын тапшыруу аземинде берилет.

12.2. Акциянын жыйынтыктары боюнча Банк Башкармасынын чечими бардык Катышуучулар үчүн акыркы болуп саналат жана даттанууга жатпайт.

12.3. Бул Эрежелер, ошондой эле аларга өзгөртүүлөр Банк Башкармасынын Токтому менен бекитилген учурдан тартып күчүнө кирет.

12.4. Бул Эрежелер, ошондой эле ага өзгөртүүлөр Банктын www.rsk.kg сайтында жайгаштырылат.